УДК 28.1

**Акылбекова Айжан**
И.Арабаев атындагы КМУнин Теология кафедрасынын магистранты,
**Акылбекова Айжан**
Магистрант кафедры Теологии КГУ имени И. Арабаева,
**Akylbekova Ayjan**
Magister Faculty of Theology KGU in the name of I.Arabaev Kyrgyzstan, Bishkek,

# МУХАММАД ПАЙГАМБАР (С.А.В) – КӨРҮНҮКТҮҮ ИНСАН ЖАНА ТАРЫХЫЙ ФЕНОМЕН

# ПРОРОК МУХАММАД (С.А.В) ВЫДАЮЩИЙСЯ ЛИЧНОСТЬ И ИСТОРИЧЕСКИЙ ФЕНОМЕН

# PROPHET MUHAMMAD (S.A.V) IS AN OUTSTANDING PERSONALITY AND A HISTORICAL PHENOMENON

**Аннотация:** Бул макалада Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) өрнөктүү инсан катары жалпы сыпаттары келтирилип, дүйнөлүк тарыхый процесске өтө таасирдүү салым кошкон инсан жана тарыхый феномен катары жетишээрлик аргументтер аркылуу далилдүү көрсөтүлгөн.

**Аннотация:** В данной статье Пророк Мухаммад (С.А.В) показан как примерная личность с присущими человеческими качествами, также внёсший значительный вклад в мировой исторический процесс. Его личность рассматривается как исторический феномен и приведены убедительные доказательства посредством достаточных аргументов.

**Annotation:** In the following article Prophet Muhammad (S.A.V) is portrayed as an exemplary individual, possessing humanly qualities, who made a distinctive contribution to the worldwide historical process and historical phenomenon, which is backed up by self-sufficient arguments.

**Негизги сөздөр:** Мухаммад (С.А.В), инсан, тарых, феномен, ислам, дүйнөлүк дин, саясый лидер, аскер башчы, коом.

**Ключевые слова:** Мухаммад (С.А.В), личность, история, феномен, ислам, мировая религия, политический лидер, военачальник, общество.

**Key words:** Muhammad (S.A.V), personality, history, phenomenon, Islam, world religion, political leader, warlord, society.

Кыргыз Республикасын президенти Садыр Жапаровдун биринчи указы “Нравалуулук, руханий өнүгүү жана инсанды физикалык тарбиялоого” азыркы мезгилдеги актуалдуу проблемага арналды. Кыргызстанда жашаган калктын көпчүлүгү кыргыздар жана алар кандайдыр бир деңгээлде ислам динин тутушат. Ислам динин негиздөөчү азирети Пайгамбар Мухаммад (С.А.В) жөнүндө тиешелүү көлөмдө ар бир кыргыз жараны так маалымат алганы учурдун талабына ылайыктуу болуп саналат. Макалада коюлган эки максаттын биринчиси Мухаммад Пайгамбарды (С.А.В) көрүнүктүү, өрнөктүү инсан катары сыпаттоо. Ал эми экинчи максат Мухаммад Пайгамбарды (С.А.В) тарыхый феномен катары анализдеп дин таанууучуларга жеткизүү болот. Биринчи максатты ишке ашыруу үчүн аны инсан катары сыпаттаган эки илимий макаланы карап көрөлү. Биринчиси, “Мусулман теологиясында

Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) инсандыгын баалоо" деп аталат. Мында, Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) инсандык келбети, бою, өңү, чачы жана башка адамдык түзүлүшү өтө так сүрөттөлүп анын жүрүш-туруш мүнөзү төмөнгүдөй берилген:

1. Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) кечки намаздан кийин уктабастан аңгемелешкенди жакшы көргөн;
2. Сүйлөгөндө так жана жетишээрлик катуу сүйлөгөн;
3. Намазга келүүнү катуу талап кылган;
4. Ар бир жол жүргөндөн кийин мечитке келип дуба кылуучу;
5. Катуу ооруп жаткандарга барып ислам динин кабыл алууга чакырган;
6. Дипломат болгон;
7. Мыйзамсыз байлык топтоого каршы турган;
8. Кайрымдуулук жана жакшы иштерди аткарууга ар дайым даяр болгон жана үндөгөн;
9. Көп сүйлөгөндү, мактанганды жактырчу эмес;
10. Согуштук жортуулдарга өтө кылдат, сактык менен жашыруун түрдө даярданган;
11. Ар кандай имиштерге ишенген эмес;
12. Сезимтал болуп кээде Курандын аяттарын окуганда ыйлаган;
13. Жетишээрлик уялчаак болгон;
14. Денесинен жагымдуу жыт чыгып турган;
15. Кичине балдарды өөп, кучактап, мээримдүү болгон;
16. Кызматкерлерине, аялдарга, ал тургай жаныбарларга да кол көтөрчү эмес;
17. Калп айтууга өтө терс мамиле жасаган, чынчыл болгон;
18. Керек кезде катуулук жана өч алуучулукту көрсөтө билген;
19. Урушкан адамдарды жараштырууга көп аракет жасаган;
20. Убадага бекем болгон;
21. Ал кубанганда анын жүзү айдын бөлүкчөсүнө окшоп албырып кубанган;
22. Адамдарды ынандыра алган.

Мухаммад Пайгамбарды (С.А.В) сыпаттоо өтө татаал иш, бирок жогорудан көргөндөй аны да бүткүл адамдарга тиешелүү болгон инсан катары кароого мүмкүнчүлүк бар. Тамак-ашка, кийим-кечеге жана өздүк гигиенага тиешелүү инсандык көрүнүктүү белгилери, өзгөчөлүктөрү диний эмгектерде кенен изилденген. Алардан биз, ислам динин таануучулар жалпысынан Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) үлгүлүү жашаган жана башкалардын жашоосуна мүмкүнчүлүк түзгөн адам катары карасак болот. М.В. Вагабов өзүнүн "Мухаммад - ислам динин түзүүчү, жана гениалдуу инсан (1)" деген илимий макаласында Мухаммад Пайгамбарды (С.А.В) жаңы монотеистик ислам динин түзүүчү катары сыпаттап, ал ислам динин дүйнөлүк динге айланганын баса көрсөткөн. Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) инсандык феноменалдуу үч ипостаста белгиленген. Алар:

1. Кадимки акыры өлө турган кишидей;
2. Мухаммад (С.А.В) Кудайдын элчиси катары;
3. Эң акыркы Пайгамбар катары.

Азыркы мезгилде ислам жөнүндө А.Б. Филипс төмөнкүдөй жазган (3): исламдын эң башкы максаты жана мааниси бүткүл адамзаттын бакубат жашоосуна багытталгандыгы жана ошондуктан Мухаммад Пайгамбар (САВ) универсалдуу бүткүл адамзатка жиберилгендиги менен шартталган.

Мухаммал Пайгамбардын (С.А.В) кадимки адам катары инсандык жактан каралышы табигый көрүнүш жана адамзатка түшүнүктүү.

Экинчи жагдай жана экинчи маселе бул Мухаммад Пайгамбарды (САВ) өзгөчө кароо, же кеңири айтсак, тарыхый феномен катары сыпаттасак, анда анын өзгөчөлүгүн, бир канча кылымдар өтсө да адамзаттын тарыгындагы орду жөнүндө маселе көтөрүлүшү мыйзам ченемдүү болуп саналат. Пайгамбардын (С.А.В) өмүрү Сирадан белгилүү болгондой тарыхтын ичине камтылган. Ал жазганды жана окуганды билбегендиктен ага жазуучу адамдар кызмат көрсөтүшкөн. Алар Пайгамбар берген инструкция боюнча анын айткандарын жазууга түшүрүшкөн. Биздин кылымга чейин 300дөн ашуун документтер, анын ичинде саясый келишимдер, армияга чакыруу, кызматтык тапшырмалар, мамлекеттик каттар булгаарыга жазылып сакталган. Ошондуктан азыркы мезгилде анын жашоосун, эмгектенүүсүн жалпысынан элестете алабыз (4).

Астрофизик, Америкалык жазуучу Майкл Харт 1978чи жылы “100 биография” деген эмгегин жазган (5). Бул китептин кийинки басылышы кылдаттык менен такталып “100 улуу адамдар” деп аталып анда кандайча ыкма менен дүйнөдөгү жүз улуу адамды тандаганын түшүндүрөт (6). Негизги тандоо критерийи болуп ал адамдардын тарыхты адам коомуна тийгизген таасири анын маанилүүлүгү болуп саналган. Объективдүүлүк жана акыйкаттык үчүн компьютердик техника колдонулган. Компьютерге ал адамдардын жөндөмдүүлүктөрү, койгон максаттары, аткарган иштери, жетишкен ийгиликтери жана адамзаттын тарыхына тийгизген таасирлери киргизилген. Бул иш кыйла убакытты талап кылган, өтө тыкыр жана жооптуу иш болгон. Майкл Харт жана анын көптөгөн жардамчыларынын ийгиликтүү ишинин натыйжасында, компьютер анализдөөнүн жыйынтыгы катары коомдун тарыхында белгилүү жана маанилүү из калтырган 100 адамдын атын атаган. Мыктынын мыктысы тарыхта адам коомуна айрыкча салым кошкон адам катары Пайгамбар Мухаммадды (С.А.В) эң алдынкысы, биринчиси деп компьютер көргөзгөн. Бул адегенде Хартты жана анын коллегаларын шок абалына келтирген. Ошондуктан алар экспериментте ката барбы деп дагы бир нече жолу кайталашкан. Эч ката табылбай, жүргүзүлгөн экспериментте Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) аты дүйнөдөгү эң таасирдүү адам катары кайрадан аталган. Бул жыйынтыктын себеби Мухаммад Пайгамбардын (С.А.В) Арабиядагы артта калган, караңгычылыкта жашаган коомду биринчи орунга алып чыгуусу анын дүйнөлүк динге айланган ислам динин негиздөөсү, саясый лидерлиги, согуштардагы жеңүүсү жана акыйкатчылыкты орнотуусу эң башкы негиздерден болгон. Адамзаттын тарыхына өтө зор салым кошкон Мухаммад Пайгамбар (С.А.В) өмүрү, жашоосу жана өрнөктүү иши тарыхый феномен катары түбөлүккө сакталып калаары шексиз чындык. Жыйынтык катары Мухаммад Пайгамбарды (С.А.В) өрнөктүү жана тарыхта чоң из калтырган инсан же тарыхый феномен катары эсептейбиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Вагабов М.В. Мухаммад-родоначальник ислама и гениальная личность.//Исламоведение.2009.№1.-С.6-17.
2. Ризванов М.Р. Оценка личности Мухаммада в исламской теологии.//Исламоведение.2009.№2.-С.31-47.
3. Филипс А.Б. Законы жизни мусульман.-М.,2002.-С.50-51.
4. https://ru.qaz.wiki/wiki/Historicity_of_Muhammad
5. https://knigosite.org/library/read/47153
6. https://www.moidagesten.ru/blogs/8504/2004


**Рецензент: филос. и.д., профессор Утуров Кытайбек**